МАКУЛДАШЫЛДЫ

С. Нааматов атындагы НМУнун мамлекеттик

тил жана жаштар саясаты боюнча проректору

_________________ А. Чоробек кызы

“__22__” ____09____ 2025-ж.

БЕКИТЕМИН

С. Нааматов атындагы НМУнун ректору

_________________ К.О.Омурова

“__22__” ____09____ 2025-ж.

**«Университеттин ыр, бий жана театр ийримдеринин иш тартиби жөнүндө»**

**ЖОБО**

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Университеттин ыр, бий жана театр ийримдери студенттердин чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү, улуттук жана дүйнөлүк маданиятты даңазалоо, эстетикалык тарбия берүү максатында уюштурулат.

1.2. Ийримдер университеттин тарбиялык иш планына ылайык иш жүргүзөт.

1.3. Ийримдердин иши университеттин ички тартип эрежелерине жана тиешелүү локалдык актыларга ылайык жөнгө салынат.

**2. Максаты жана милдеттери**

**Максаты:**

- Студенттердин талантын ачуу жана өнүктүрүү;
- Улуттук маданиятты сактоо жана жайылтуу;
- Сахналык маданиятты калыптандыруу;
- Университеттин имиджин көтөрүү.

**Милдеттери:**

- Ыр, бий жана театр боюнча үзгүлтүксүз машыгууларды өткөрүү;
- Концерттерге, фестивалдарга, сынактарга катышуу;
- Мамлекеттик жана университеттик иш-чараларды көркөм коштоо;
- Студенттердин сахна маданиятын, тартипти жана жоопкерчиликти өнүктүрүү.

**3. Ийримге кабыл алуу тартиби**

3.1. Ийримдерге университеттин бардык студенттери ыктыярдуу негизде кабыл алынат.
3.2. Кабыл алуу көркөм жетекчинин кароосунан (угуу/карап көрүү) өткөндөн кийин жүргүзүлөт.
3.3. Ар бир катышуучу арыз жазып, графикке ылайык машыгууларга милдеттүү түрдө катышат.

**4. Иштөө тартиби**

4.1. Машыгуулар жумасына кеминде 2 жолу өткөрүлөт.
4.2. Сабактар белгиленген графикке ылайык уюштурулат.
4.3. Иш-чараларга даярдык учурунда кошумча репетициялар дайындалышы мүмкүн.
4.4. Ийримдин жылдык иш планы бекитилет.
4.5. Ар бир катышуучу сахналык костюмга, реквизитке аяр мамиле кылууга милдеттүү.

**5. Катышуучулардын укуктары жана милдеттери**

**Укуктары:**

- Концерттерге, фестивалдарга катышуу;
- Сыйлык жана ыраазычылык кат алуу;
- Ийрим ишине сунуш киргизүү.

**Милдеттери:**

- Машыгууларга үзгүлтүксүз катышуу;
- Сахна этикасын сактоо;
- Университеттин аброюн түшүрбөө;
- Көркөм жетекчинин талаптарын аткаруу.

**6. Жоопкерчилик**

6.1. Машыгууга жүйөлүү себепсиз келбеген студентке эскертүү берилет.
6.2. Системалуу тартип бузуу учурда ийримден чыгаруу маселеси каралат.
6.3. Материалдык зыян келтирилсе, мыйзам чегинде жоопкерчилик жүктөлөт.

**7. Башкаруу**

7.1. Ийримдин ишин көркөм жетекчи жетектейт.
7.2. Жалпы координация университеттин тарбия иштери боюнча жооптуу түзүмү тарабынан жүргүзүлөт.
7.3. Ийримдин жылдык отчёту окуу жылынын жыйынтыгында берилет.